КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
НАРЫН АЙМАКТЫК
ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
НАРЫНСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ
ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ

722600, Кыргыз Республикасы, Нарын шаары, Ленин көчөсү 74
E-mail: adm21@shailoo.gov.kg
Тел. (03522) 5-23-75

722600, Кыргызская Республика, город Нарын, ул. Ленина 74
E-mail: adm21@shailoo.gov.kg
Тел. (03522) 5-23-75

**17.11.2024-ж.** **Нарын шаары**

## Нарын шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын
## ЧЕЧИМИ №46

### Шайлоо мыйзамын бузуу боюнча Нарын шаардык ички иштер бөлүмүнүн 17.11.2024-ж. №21-4/7416 каты менен жиберилген 02-060-2024-001475 сандуу текшерүү ишин кароо жөнүндө.

Нарын шаардык ички иштер бөлүмүнүн 17.11.2024-ж. №21-4/7416 каты боюнча шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү эрежелерин бузуу ишин кароо боюнча №02-060-2024-001475-02-001-000302 сандуу аныктама келип түштү.

Нарын ШИИБнүн аныктамасы боюнча Укук бузуу кодексинин 65-беренеси (Шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү шарттарын бузуу) боюнча Нарын шаарынын тургуну Б.Кененбаеванын иш аракеттерине чара көрүү үчүн сунушталып жиберилген. (НШИИБнүн аныктамасы тиркелет). "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (мындан ары - Мыйзам) 28-беренесинин 9-бөлүгүнүн 3-абзацынын талаптарын бузган: *Мыйзамдын талаптарын бузуу менен басма, көрмө-укма жана башка үгүт материалдарын тараткан.*

Нарын шаардык аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан кароодо, Нарын шаарынын Ак-Өргө көчөсү №23 үйүнүн тургуну Кененбаева Берметтин иш аракеттеринде шайлоо мыйзамын бузуу аныкталган жок. (Нарын шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын 17.11.2024-ж. отурумунун протоколу тиркелет)

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 28-беренесин, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесин, Борбордук шайлоо комиссиясынын 2020- жылдын 11-февралындагы №41 токтому менен бекитилген “Шайлоо комиссияларынын бузуулар жөнүндө иштерди кароо

тартиби жөнүндө” Жобону жетекчиликке алып, Нарын шаардык аймактык шайлоо комиссиясы

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Нарын шаарынын тургуну Б.Кененбаева тарабынан үгүт эрежесин бузуу фактысы аныкталган жок деп эсептелсин.
2. Бул чечим Б.Кеенбаевага тааныштырылсын.
3. Бул чечимдин аткарышын көзөмөлдөө аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы Б.Жакыповага тапшырылсын.
4. Бул чечимдин кочурмосу Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум откоруу боюнча борбордук комиссиясына жонотулсун.

| | | |
|---|---|---|
| **Нарын шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы** | **(кол тамгасы)** | **В.Качкымбаева**<br>**(Ф.А.А.)** |
| **Нарын шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы** | **(кол тамгасы)** | **Б.Жакыпова**<br>**(Ф.А.А.)** |

**Нарын шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын отурумунун**
**ПРОТОКОЛУ**

**17.11.2024-ж.** **Нарын шаары**

**Шайлоо мыйзамын бузуу боюнча Нарын шаардык ички иштер бөлүмүнүн 17.11.2024-ж. №21-4/7416 каты менен жиберилген 02-060-2024-001475 сандуу текшерүү ишин кароо жөнүндө.**

**Катышкандар:** Нарын шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы В.Качкымбаева, Б.Жакыпова – катчысы, мүчөлөрү: Т.Шербалиева, Үсөн кызы Жыпара, Г.Сулайманова, Б.Эсенгелдиева, Ж.Урматова.

"Ынтымак" саясий партиясынын Нарын шаары боюнча жетекчиси Таалайбек уулу Камчыбек, "Жаңы Кыргызстан" саясий партиясынын Нарын шаары боюнча координатору Таалайбеков Жолдошбек, Нарын шаарынын тургуну Кененбаева Бермет.

**Угулду**: Нарын шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы В.Качкымбаева, Нарын шаардык ички иштер бөлүмүнө 102 аркылуу өзүн Кыдыралиев Адилет деп тааныштырган Бишкек шаарынын тургунумун деген жаран участкага келе жаткан адамдарды мен таанымбаган эжелер үгүттөп жатышат деп билдирген. Бул билдирүү боюнча НШИИБдин МЭЖне №02-015-2024-001475 сандуу иатериал болуп катталган. Нарын ШИИБнүн ыкчам тергөө тобу чыгып жеринде териштирүү жүргүзүп, шайлоо комиссиясынын кароосуна жатат деген аныктама чыгарган. (Нарын ШИИБнүн №02-060-2024-001475-02-001-000302 аныктамасы тиркелет).

Нарын шаардык аймактык шайлоо отурумуна катышып жаткан, ички иштер бөлүмүнүн аныктамасы боюнча жазылган "Ынтымак" саясий партиясынын Нарын шаары боюнча жетекчиси, аныктамада келтирилген вотсап аркылуу жиберилген сүрөт Жаңы Кыргызстан саясий партиясынын фейсбук баракчасындагы сүрөт экенин билдирип, аныктамага туура эмес биздин партияны жазган деп билдирип, бул ишке тийиштиги жок экенин билдирди (түшүнүк тиркелет).

Ал эми аныктамада вотсап аркылуу үгүт бюллтендин сүрөтүн жиберген деп көрсөтүлгөн жаран Кененбаева Бермет, шайлоо комиссиясынын төрагасы В.Качкымбаеванын бюллетендин сүрөтүн кайдан жибердин деген суроосуна, бул шайлоо бюллетени эмес, Жаңы Кыргызстан партиясынын талапкерлеринин фейсбукта мурда угут жургузуу учурунда жарыялаган үгүт сүрөтү, бюллетень эмес деп билдирип, телефондогу сүрөттү көрсөттү. (сүрөт тиркелет)

Ошондой эле Б.Кененбаева бул сүрөттү Жыпар деген таанышына анын суроосу боюнча вотсап аркылуу жибергенин билдирип, мен эч кимге үгүт жүргүзгөн жокмун, партияга тиешем жок, мындай сүрөттөр азыр деле баардык партияныкы фейсбук, ж.б. социалдык тармактарда жүрөт, ал тургай шайлоодогу үгүт банерлери көчөдө деле илинип турбайбы деген

маалыматтарды өз сөзүндө билдирип, түшүнүк кат жазып берди. (түшүнүк тиркелет)

Нарын шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын отурумга катышкан 7 мүчөсү жогорудагыларды угуп талкуулап, Б.Кененбаеванын иш аракетинде шайлоо мыйзамдарын бузуу фактысы жок деген бүтүмгө баардык катышкан мүчөлөр добуш беришти.

Нарын шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын мыйзам бузууларды кароо боюнча кезектеги отуруму

ЧЕЧИМ КЫЛАТ

1. Нарын шаарынын тургуну Кененбаева Берметтин иш аракетинде мыйзам бузуу аныкталбаганы белгиленсин.
2. Бул боюнча Нарын шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын чечими кабыл алынсын.
3. Нарын аймактык шайлоо комиссиясынын чечими Б.Кененбаевага жана Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жиберилсин

| | | |
|---|---|---|
| **Нарын шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы** | (кол тамгасы) | **В.Качкымбаева** (Ф.А.А.) |
| **Нарын шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы** | (кол тамгасы) | **Б.Жакыпова** (Ф.А.А.) |

№ 02-060-2024-001475-02-001-000302

# ТОКТОМ/ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндөгү / об отказе в возбуждении уголовного дела**

Нарын шаары 17.11.2024 -ж./г.

Нарын ШИИБдин Тергөө кызматынын улук тергөөчүсү милициянын капитаны Бакытбеков А.Б., 02-060-2024-001475 сандуу текшерүү ишин карап чыгып,

Документ подготовлен в АИС «ЕРП»

## АНЫКТАДЫМ/УСТАНОВИЛ

Бишкек шаарынын тургуну Кыдыралиев Адилет деп тааныштырган жарандын 102ге билдирүүсү, 2024-жылдын 17-ноябрь күнү саат 11:10 чамасында Нарын шаарындагы №4058 шайлоо участкасына келе жаткан адамдарды мен таанибаган эжелер үгүттөп жатышат деп билдирген.

Жогорудагы көрсөтүлгөн маалымат 17.11.2024-жылы Нарын ШИИБдин МЭЖне №02-015-2024-001475 сандуу болуп катталып, текшерүү ишинин жүрүшүндө төмөндөгүлөр аныкталды.

Териштирүү учурунда Нарын ШИИБдин ыкчам тергөө тобу чыгып окуя болгон жерге барып төмөндөгүлөр аныкталган. 17.11.2024 жылы бол жол менен менен саат 11:10 чамасынада РТС аймагында жайгашкан спорт мектебиндеги №4058 шайлоо участогуна барган учурда Бишкек шаарынын тургуну А.Кыдыралиев, Нарын шаарынын Ак-Өргө көчөсүнүн №23-үйүнүн тургуну 21.10.1989-жылы туулган Кененбаева Бермет Жумабековна тарабынан “Вотсап” интернет булактарына 6 партиянын тизмесин сүрөткө тартып анын ичинен “Ынтымак” партиянын тушуна белги (птичка) коюп кетирип жаткандыгы тууралу билдирген.

Окуя боюнча сурак берген Б.Кененбаева төмөндөгүлөрдү билдирген. Анда, ал шайлоо участкасына бараардын алдында Жыпара аттуу таанышынын жана ата-энелер ватсап группасына 6 партиянын тизмесинен турган бюллетеньди жибергендигин билдирген.

Жогорудагылардын негизинде чогулган материалда кылмыштын

курамы байкалбайт, бирок Кененбаева Бермет Жумабековнанын кыймыл аракети Кыргыз Республикасынын Укук бузуу кодексинин 65-беренесинде көрсөтүлгөн тартипте каралгандыктан, кылмыш ишин козгоодон баш тартуу чечимин кабыл алуу зарылчылыгы келип чыгууда.

Мындан сырткары Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин 455-беренесинде, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы тарабынан шайлоо комиссиялары ушул Кодекстин 65 кодексинде каралган укук бузуулар жөнүндө иштерди карайт жана жаза чараларды көрөт.

Кыргыз Республикасынын ЖПКнын 27, 153, 154 бер. жетекчиликке алып/ на основании вышеизложенного и руководствуясь ст. ст. 27, 153, 154 УПК Кыргызской Республики,

## ТОКТОМ КЫЛДЫМ/ПОСТАНОВИЛ:

1. №02-060-2024-001475 сандуу болуп катталган материалда кылмыштын курамы аныкталбагандыктан улам, кылмыш ишин козгоодон баш тартылсын.
2. Нарын шаардын шайлоо комиссиясынын кароосуна Нарын шаарынын Ак-Өргө көчөсүнүн №23-үйүнүн тургуну 21.10.1989-жылы туулган Кененбаева Бермет Жумабековнанын кыймыл аракетинде Кыргыз Республикасынын Укук бузуу кодексинин 65-беренесинде көрсөтүлгөн тартипте мыйзам чегинде чара көрүү үчүн жиберилүүгө жатат.
3. Кабыл алынган чечим менен кызыккан тараптар тааныштырылсын.
4. Токтомдун көчүрмөсү Нарын шаарынын прокуроруна маалымат иретинде жиберилсин.

ТКнын улук тергөөчүсү
милициянын капитаны
Бакытбеков Азис

Нарын шаардык аймактык шайлоо комиссиясына

# Түшүнүк кат.

Мен сизге арыз жазуумдун себеби: Ата-энелер чалып биринчи жолу шайлоого катышып жаткандыгыбыздан кандай кызык шайлайбыз деп сурашкан, телефон чалуу менен. Соц. тармактарда жайгашкан рекламаны катары жайгашкан жашыл көргөзгөн партиясынын үгүт сүрөтүн мисал катары ватсап аркылуу бөлүшкөм. Бул сүрөт үгүт иштери боюнча ф.б. баракчасында мурун эле жайгашылган. Мен жашыл көргөзгөн партиясына агитатор болуп иштеген эмесмин. Жогоро деген ата-энем сурагандан кетиргем. Жашыл көргөзгөн партиясына шайлап коюуңуздар деп агитация жүргүзгөн эмесмин. Андай рекламалар соц тармактарда ф.б.-дагы партиялардыкы азыр деле турат.

Түшүнүк өз колум менен жазылды.

Үсөнбаева Бермет.

17.11.24.

Нарын шаардык шайлоо
комиссиясына
"Ынтымак" саясий партиясынын
Нарын шаардык бөлүмүнүн
башчысы Таалайбек уулу
Кымчыбектен

# Түшүнүк

Менин түшүн жазуумдун себеби: Нарын ШШКнын 17.11.2024-жылдагы токтомунда көрсөтүлгөн 4058 шайлоо участкасында болгон окуя боюнча Кенешбаев Байбүбү Жумабековна "Ынтымак" партиясына мүчөсү болуп иштеген эмес. Буга тиешеси жок.

Түшүнүк ээси Таалайбек уулу К

17.11.2024.

# ЖАҢЫ КЫРГЫЗСТАН

саясий партиясы

# Шайлоо бюллетени

1.Партия 1

2.Партия 2

3.Партия 3

4.Партия 4

5.Партия 5

*6.ЖАҢЫ КЫРГЫЗСТАН* ✓

7.Баарына каршы